«Мария»

Сөзү: Джонни менен Кубанычбеков акбар

Обону: Джонни Исраилов Бек

Мария, эңсегени жүрөктүн,

Дайыма, өзүң болсоң жанымда,

Билбейм неге оюмда?

Мария, ал сүйүүнүн символун,

Дагы да, көргүм келет миң жолу,

Өмүрүмдүн жолунда…

А менин кыялымдан кетпеген,

Асмандай колум сунуп жетпеген.

Ааламды кезип издеп өзүңдү,

Ай, жылдыздардан сурап келем!

Мария, жазылгандай бул күнүм,

Багыма, көргүм келет күнү-түн,

Карааныңды издей берем.

Мария, келем карап багытың,

Жаныма, бирге болуп дабышың,

Өчпөсүнчү сезимдер…

А менин кыялымдан кетпеген,

Асмандай колум сунуп жетпеген.

Ааламды кезип издеп өзүңдү,

Ай, жылдыздардан сурап келем.

Мария, эңсегени жүрөктүн,

Дайыма, өзүң болсоң жанымда,

Бар болуп менин багыма…

Ай, жылдыздардан сурап келем!

Мария…